# ЭЛДИК КААДА-САЛТ ҮРП-АДАТТАРДЫН ИЛИМИЙ АНЫКТАМАСЫ БАРБЫ?

**ТОКСОНБАЕВ РЫСКЕЛДИ,**
*БГУ, п.и.д.,профессор*

**ЭРКАН БЕНЛИОГЛУ**
*БГУ, аспирант*

Ар кандай нерсеге, көрүнүшкө илимий мамиле жасалып, анын ички табияты менен функциясына жараша аныктама бериши керек. Ал эми каада-салттат менен үрп-адаттарга келгенде илим эмне дейт, ошону карап көрөлү.

Элдик каада-салт, үрп-адаттар тууралуу ар кайсы жазуучу, акындар, аалымдар же коомдук ишмерлер ар кандай мааниде трактовкалап жүрүшөт. Айталы, 2012-жылы басмадан жарык көргөн «Кыргыздын улуттук каада-салты, үрп-адаты» деп аталган көлөмдүү китепте (207 беттен турат) түзүүчү автор А.Сариев маселени өз түшүнүгүнө ылайык трактовкалаган. Аннотациясында минтип жазылат: «Бул китепте кыргыздын улуттук каада-салтынын, үрп-адатынын эреже, жол-жоболорунун жашоо турмушта колдонулуучу айрым бир үлгүлөрү киргизилди». Автор улуттук каада-салттар менен үрп-адаттарды диний ишенимдердин алкагында гана караган, анын түшүнүгүндө элдин каада-салты менен үрп-адаттары исламдын гана жол-жоболору аркылуу түптөлгөн. Балким, исламды карманган элдин адат-салты ошонусу менен башкалардан айырмаланат? Китептин авторуна күнөө коюуга да болбойт. Ал каада-салт, урп-адат маселесинде кантсе да өзүнүн түшүнүн берди. Ойлордун, пикирлердин ар түрдүүдүгү үчүн мындай да керек.

Ал эми белгилүү этнограф А.Акматалиевдин «Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат» деген аталыштагы көлөмдүү китеби (399 бет) «Бийиктик» басмасынан 2002-жылы басылып чыккан. Китеп автордун буга чейин жарык көргөн «Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү» деген этнографиялык изилдөөсүнүн логикалык жактан уландысы. Мында кыргыз элинин илгертен берки мурас болуп келе жаткан каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары, эм-домдору, макал-ылакаптарынын мани-жайы тууралуу кеп кылууну максат кылган. Ошону менен катар кыргыздын оң-терс жүрүм-турумдары тууралуу дидактикалык мааниде маселе козголгон. Китеп тарбиячыларга, мугалимдерге, студенттерге, жогорку класстын окуучуларына жана жалпы эле элдик маданиятка кызыккан окурмандарга арналган экен. Мында автор каада-салт, урп-адаттарга тиешелүү алгылыктуу ойлор айтылган. Жогоруда сөз болгон китепке салыштырмалуу бир топ ынанымдуу, маселеге реалдуу карагандыгы байкалып турат.

Эки китепте тең элдик каада-салт менен үрп-адаттардын илимий түшүндүрмөлору берилбесе да авторлор өздөрүнүн түшүнүктөрүнө жараша мындай түшүнүктөрдүн табиятын жеткире бере алышкан деп айтууга негиз бар.

Жазуучу А.Сариев улуттук каада-салттар менен үрп-адаттарды эрежелер катары карап, мындай түшүндүрмө берет: Кыргыздын улуттук каада-салты менен үрп-адаты диндерге чейин эле колдонулуп келген жана диндер киргенден кийин, азыркы учурда дагы жашоо-турмушта колдонула турган жалпы эреже, жол-жоболордун Жыйнагы болуп эсептелет, кыргыз элинин жаш-карысына, аял-эркегине карабай баарына тең тарбия берип, жол корсотүп, багыт берип, оозеки түрүндө муундан-муунга өткорүлүп, миңдеген эреже, жол-жоболорду ичине камтып, элдин жашоо-турмушун, дүйнөгө болгон көз карашын бир багытка буруп, оң жолго салып тарбиялап келе жаткан Китеп Энциклопедия болуп саналып, булл китеп-энциклопедиянын ичинде маани-мазмундагы темалар, эреже, жол-жоболор орун алган. Кыргыздын улуттук каада-салты менен үрп-адатынын эреже-жоболору азыркы учурда диний түшүнүктөр менен айтканда шарияттын эреже-жоболору менен жалпы мани-мазмуну боюнча окшош. Бирок диний эрежелер менен (христиан, ислам, жана башка секталар, агымдар менен багыттар) семит элдерин тарбиялап жол көрсотүп келе жаткан диндерге салыштырмалуу кыргыздын улуттук менталитетине:

жашоо-турмушуна, дүйнөгө болгон көз карашына, кулк-мүнөзүнө атадан-балага өткөрүлүп келген өзгөчө касиетине, башка элдерге, жалпы жаратылышка, улуу кудайга жасала турган мамилелерге айкеш-шайкеш келтирилип (гармония), ылайыкталып, далай сыноолордон өтүп, замандын талабына жооп бербеген керексизин жолдон ыргытып, керектүүсү элдин элегинен өтүп-иргелип, байыртадан бери ооздон-оозго, муундан-муунга, атадан-балага, энеден-кызга, аксакалдан-жаштарга оозеки түрүндө өтүп келе жаткан жашоо-турмуштун улуу мыйзамы – энциклопедиясы болуп эсептелерин ар бир адам түшүнүүгө тийиш.

Ал эми этнограф А.Акматалиев мындай дейт: Кыргыздардын мейман күтүү салтынын бөтңчөлүгү мына буларда. Мындай каада-салт дүйнөдогү эч бир элде болбогон айырмачылыктарды санап корөлү, алар: биринчиден, бейтааныш адамдын кайдан келгенин, кайда баратканын эч качан сурачу эмес. Ал кудай конокту жетине албай кабыл алып, аттантаарда (узатып жатып) гана «ат сурашуу ызааттан, сөз сурашуу сүнөттөн» - деп ал тууралуу билип калу парз. Же ал мейман өзү жөн-жайын айтып кетчү; экинчиден, таанымбаган бир келген конокту сыйлоо үчүн кой-козу, эчки-улак союп коноктогон. Элде бирөөлөрдү конок келсе кою жок, минип турган атына бата тилептир деген чындык сөз калган; үчүнчүдөн, кыргыздар эч качан ак (сүт, айрын, кымыз, сүзмө, курут, эжигей, чөбөгө) саткан эмес. Анны жердин көгү – чөбү деп коюшкан.

Этнограф кыргыздардын аза күтүү салты боюнча этнограф минтип жазат: Кыргыз Атадан аза күтүү маркумду урматтоонун – ата башы. Кара кийүү, каза жутуу – аял киши үчүн күйөөсүнө күйүүнүн мыкты үлгүсү. Күйөөсү өлгөн аял тул калган. Демек, төркүн-төстөрү карадан кийим кийгизип, кара жоолук салып, белин бекем бууп беришкен, мунусу кайраттуу бол деген салты. Бирок жакындарынан кайтыштар чыкса, айрым аймактарда көк кийүү рамиси да бар. Тул отурган зайыптарды каза тапкандардын жакындары, жакшы санаалаштары, куда-сөөктөрү көңүлгө алып, үйүнө чакырып сый көрсөтүү салты да бар, кийим кийгизет, кездеме коөт. Анын үстүндөгүсүн алмайын кийүүгө болбойт.

Эми каада-салт, үрп-адаттар дегенде биз эмнени түшүнүшүбүз керек? Бул проблемага тигил же бул багытта түз жана кыйыр тиешеси бар адабияттарды, илимий-теориялык эмгектерди караганда, аларда мындай түшүнүктөрдүн камтылганына ынандык. Илимий адабияттарда бул түшүнүктүн бири экинчиси менен тыгыз байланышта болгон беш өзгөчөлүгү белгиленет:

***Биринчиси,*** каада-салт – элдин кылымдар бою жыйнаган турмуштук тажрыйбасынан топтолгон, анын ишенимдеринин, эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында калыптанып олтурган көндүм-адаттары, ырым-жырымдары, урп-адаттары.

***Экинчиси,*** каада-салттар жана үрп-адаттар – көп катмарлуу, көп тармактуу социалдык көрүнүш, адатта ал ошол элдин социомаданий жетишкендиктери катары көрүнүп, бүтүндөй бир элдин же анын ичиндеги конкреттүү бир инсандын, адамдын же бүтүндөй адамзаттын руханий жетишкендиктерин, руханий өнүгүшүн чагылдырып турат.

***Үчүнчүсү,*** каада-салт менен үрп-адаттар – мезгилдин күзгүсү. Каада-салт, үрп-адаттарды карап, аларды кеңири талкууга алуу менен бүтүндөй бир конкреттүү доордун, формациянын экономикалык, тарыхый жана руханий жашоо образын, түзүлүшүн билүүгө болоор эле.

***Төртүнчүсү,*** каада-салт менен үрп-адаттардын көптөгөн ар кандай түрлөрү бар: турмуш-тиричиликке байланышкан каада-салт, үрп-адаттар, булар барып-келип элдин баланы тарбиялоо ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышат; социалдык-маданий жаңы каада-салт менен урп-адаттар. Тил менген аң-сезим сыяктуу эле каада-салт менен үрп-адаттар адамдарга гана мүнөздүү болуп, адамдын, коомдун жана адамзаттын турмушу менен байланышкан. Демек, коомдун толуккандуу катышуусу менен гана түптөлүп отуруучу көрүнүш экен.

***Бешинчиси,*** каада-салт менен урп-адаттар тигил же бул жеке инсанга, же болбосо жалпы массага тиешелүү көрүнүш.

Ырас, каада-салт, үрп-адаттардын мындан башка да түшүндүрмөлөрү бар. Ал эми

биз болсо, мында түшүнүктүн илимий адабияттарда, тагыраак айтканда, философияда, социологияда жана этнографияда трактовкаланып берилишин гана мисалга тарттык. Түшүнүктүн биз изилдемекчи болгон илимий жоболоруна ылайык аныктамасын айтчу болсок, минтип түшүндүрөөр элек:

Каада-салт – бир муундан экинчисине тынымсыз берилип туруучу кылымдар бою тарыхый жактан такшалган, текшерилген, калыпка салынган социалдык нормалар менен принциптер. Үрп-адаттар – тигил же бул элге, этноско, улутка тиешелүү болгон тарыхый жол менен калыптанган, бир калыпта кайталанып туруучу туруктуу система, ал коомдун ар бир мүчөсүнүн өз ара карым катышын тескеп турган социалдык норма түрүндө жашайт да, инсандын негизги руханий-адеп-ахлактык касиет-белгилерин калыптандырат, мындай процесс элдин карманган моралдык баалуулуктарына, ишенимдери менен түшүнүктөрүнө жана кулк-мүнөзүнө, идеалдарына ылайык келиши керек.

Ысымы бүткүл дүйнөгө таанымал болгон орустун белгилүү сынчы окумуштуусу В.Г.Белинскийдин түшүнүгүндө: «обычаи и традиции критикуются в течении всего времени. Обычаи и традиции любили наши предки, были их наследием, и передавались от отца к сыну. Они являются внешностью народа. Без них народ безликий, будто каменная статуя... Поэтому, обычаи и традиции любого народа обозначаются как внешнее описание этого народа. У каждого народа в его духовном мире, культуре, хозяйстве и профессиях есть свой внешний вид».

Мындай маанилүү факторго терең анализ жасоонун натыйжасында каада-салттар менен упр-адаттардын эки түрдүү багытын көрсөтүүгө болот, алар: биринчиден, каада-салттар менен үрп-адаттардын бири экинчиси менен тыгыз байланышта болушу, экинчиден, алардын кантсе да ички табияты боюнча бири-экинчисинен кескин айырмаланып турушу. Каада-салттар менен үрп-адаттардын ортосундагы айырмачылыктары тууралуу сөз кылаарда үрп-адаттардын жүрүм-турумдун атрибуту экендигин эске алуу зарыл, алар адамдын күндөлүк турмушунда көп кезиге турган көрүнүштөр менен тыгыз байланышкан. Адамдардын ортосундагы мамилелердин жөрөлгөлөрү, же болбосо, турмуштук мыйзамдар. Үрп-адаттар – муундан-муунга, атадан-балага берилүүчү салтык жөрөлгөлөр, алар, адата адам алектенген кесиптин, ар кандай ишенимдердин жана жашоо мүнөзүнө жараша калыптанып олтурат.

Ал эми каада-салттар түшүнүгү үрп-адаттарга караганда кыйла кеңири түшүнүк. Каада-салттардын калыптанып, телчигип, өнүгүп олтурушу коомдун бардык тармактарындагы өнүгүү, коомдук процесстер менен тыгыз байланышта болот. Каада-салттар идеологияга жакын келип, ал эми үрп-адаттар болсо, коомдун психологиясы менен тыгыз байланышта.

Каада-салттар менен урп-адаттар элдин, этностун, улуттун жаралышы менен кошо жаралып, калыптанып, табияты боюнча эң эле байыркы жана тарыхый процесс. Каада-салттар менен үрп-адаттар муундарды тарбиялоодо, элдин маданий турмушунда, чарбачылыгында дана байкалып, ар бир адамдын төролгөндөн баштап, өлгүчө анны коштоп жүрүүчү түшүнүк экен. Демек, каада-салттар менен урп-адаттарды адамдын турмуштук сиситемасынан обочолоп, бөлөк кароого болбой турган көрүнүштөр, тескерисинче, алар адамдын жүрүм-турумунун, кылгын иштеринин, жалпы аракеттеринин сиситемасы катары карала турган нерселер.

Каада-салттар менен үрп-адаттар элдин турмуш-тиричилиги менен, ишенимдери менен кошо калыптанып, муундан-муунга, атадан-балага берилип жүрүп олтуруп, улам жашоо өткөн сайын жаңы мазмун, жаңы элементтер менен байып отурду. Улам турмуш өнүгүп отурган сайын каада-салттар менен үрп-адаттардагы эски, турмушка жарамсыздары жоголуп, коомдук мамилелердин курамынан алынып ташталып, алардын зарыл элементтери эл менен, элдин жашоосу менен, коомдук мамилелер менен кошо жашай берди. Ошондуктан, каада-салттар менен үрп-адаттарды тынымсыз өсүп-өнүгүп отурган, калыптанып отурган кыймылдагы динамикалуу процесс катары кароого болот.

Каада-салттар менен үрп-адаттардын бири-экинчиси менен болгон тыгыз

байланышы ар кандай улуттардын арасындагы алака-мамилелер менен да байланышта. «Культура каждого народа, - деп жазат маданияттаануучу окумуштуу В.П.Афанасьев, - отличается разными качествами, и этим она и бросается в глаза. Но практически невозможно встретить совсем индивидуальную культуру, на которую не повлияли бы другие народы. Благодаря материальной и духовной связи, взаимоотношений, народы и национальности дополняют друг друга со стороны культурного богатства».

Маселенин булл өңүтүнөн карап көргөндө «Улуу жибек жолу» тарыхый окуясы абдан эле тура келет. Түрк тилдүү элдердин көбүнүн аймагынан өткөн сыяктуу Кыргызстандын аймагы аркылуу сапарын уланткан булл тарыхый көрүнүш кыргыз элинин да каада-салт, урп-адатын кыйла байытып, турмушундагы көп нерселердин өзгөрүшүнө түрткү болду, элдин жашоо мүнөзү өзгөрдү. Улуу жибек жолу эки миң жыл аралыгында тынымсыз каттап турду. Ал биздин заманга чейинки бешинчи кылымдарда эле Байыркы Рим менен Кытайды бириктирип турган.

Алгач Жибек жолу кытай кездемелерин жана Байыркы Рим империясында, Византияда, Индияда, Иранда, Араб өкөлөрүндө даярдалган буюмдарды Батыштын өлкөлорүнө ташуу максатын көздөсө, кийин барып алардын диапазону кеңейип, эми Европа менен Русь мамлекетине да каттай баштайт. Мындай окуялардан улам Улуу жибек жолу каатаган өлкөлөрдүн элдерин бири менен экинчисин канчалык жакындатканын, демек, ал элдердин каада-салттары менен үрп-адаттарынын канчалык аралашканын байкоо кыйын эмес.

Каада-салттар менен үрп-адаттар тарыхый процесстин жүрүшүндө диний ишенимдердин негизинде, айлана-чөйрөнү, ааламды таанып-билүүдө (дүйнөтаанымда), адамдардын үмүт-тилектери аркылуу, турмуш-тиричиликтин өгөчолүктөрү аркылуу, ошондой эле саясий, экономикалык, маданий тармактардагы башка элдер менен алака-байланышта калыптанып отурат. Ошентип, булл маселе боюнча мына мындай тыянактарга келүүгө болот: каада-салттар менен урп-адаттардын интеграцияланышынын натыйжасында тигил же булл элдин, улуттун, этностун каада-салт, урп-адаттары жоголуп кетүү коркунучу да жок эмес. Соңку мезгилдерде ар бир улут ( анын ичинде кыргыздар да түрктөр да) өзүнүн каада-салттары менен үрп-адаттарын илимий техникалык жаңылыктар менен байланыштырууга далалат жасап, аларды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен интеграциялоо аракетинде болуп калды, бул мыйзамченемдүү көрүнүш.